А.Коёнкозов атындагы №18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык кеңешмесинде

№2 “ ___”__________ 2022-ж.

“Бекитемин”
Мектеп директору

Муканбетова Э.Б.
_____________2022-ж.

**№18 А.Коёнкозов атындагы жалпы билим орто билим берүү мектебинин “Көзөмөлчүлүк кеңеши” жөнүндө жобо**

коомдук бирикмеси жөнүндө жобосу төмөнкү укуктук актылардын негизинде түзүлдү:

-КР Конституциясы
-КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (30.04.2003-ж. №92)
-КР “Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө” мыйзамы (30.05.2014-ж. №81)
-КР Өкмөтүнүн “КР билим берүү системасынын стратегиялык багыттары тууралуу (23.03.2012-ж. №201) Токтому
-Жалпы билим берүүчү уюмдар жөнүндө типтүү жобо ( КР өкмөтүнүн 12.09.2011-ж. №541 Токтому)
-КР Өкмөтүнүн 31 -март 2016-ж. № 134-р буйуртмасы)

**ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. №18 А.Коёнкозов атындагы жалпы билим орто билим берүү мектебинин “Көзөмөлчүлүк кеңеши” - юридикалык статуска ээ эмес, мектепти биргелешип башкаруу органы.

**№18 ТОКТОЯН ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШИНИН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ**

2.1. **Көзөмөлчүлүк кеңештин негизги максаты** - көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жогорулатууга №31 мектебинин ишмердүүлүгүнүн ачыктыгына, ошондой эле бюджеттен тышкарқы каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугуна жардам берүү.

2.2. **Көзөмөлчүлүк кеңештин негизги милдеттери:**
1) Мектептин ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;
2) Мектептин уставдык максаттарына жана милдеттерине жетишүүгө көмөктөшүү;
3) мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык коом уюмдары менен, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;
4) Мектеп үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча каржылоо булактарын тартуу.

**III Көзөмөлчүлүк кеңештин функциялары.**

1)Мектептин өнүктүрүү стратегиялык планын иштелип чыгуусуна жана кабыл алынышына, ошондой эле билим берүү кызматтарынын сапатынын жогорулашына көмөктөшөт;

1) Мектепүчүн тартылган бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышын карайт жана көзөмөлдөйт;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген донорлорду (инвесторлорду, меценаттарды) жана мектептин иштеп чыгуу үчүн башка каржылоо булактарын издейт жана тартат.

2. **Көзөмөлчүлүк кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) мектептинишин өркүндөтүү жана билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;

2) отурумдарга мектептин кызматкерлерин, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрүн, ошондой эле кызыктар уюмдарды, адистерди жана эксперттерди чакырууга;

3) мектептин тиешелүү кызмат адамдарынан иш-чараларды жүзөгө ашырууга байланыштуу документтерди же башка маалыматтарды (анын ичинде бюджеттен тышкаркы финансылык-экономикалык) сурап алууга. Мамлекеттик жана мыйзам менен корголуучу жашырын сыргакирген маалыматтарды кошпогондо;

4) зарылдыгына жараша Кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен туруктуу /же убактылуу комиссияларды түзүүгө;

5) консультанттарды, аудиторлорду, эксперттерди тартууга жана келишимдик негизде мектеп-гимназиясынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баа берүүчүн жумушчу топторду түзүүгө;

6) фискалдык органдар тарабынан мектеп-гимназиясын текшерүүнүн натыйжалары менен таанышууга;

7) зарыл чараларды көрүү үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга, алардын кызмат адамдарына, укук коргоо органдарына табылган мыйзам бузуулар жөнүндө материалдарды өткөрүп берүү;

8) мектептин ишмердүүлүгү жөнүндө коомдук пикирди изилдөө жана жалпылоо жана мекеменин ишин жакшыртуу максатында алынган маалыматтарды пайдалануу.

**3.1. Көзөмөлчүлүк кеңеш төмөнкүлөргө милдеттүү**:

1) Коомдук бирикменин бир жылдык планын иштеп чыгуу жана бекитүү;

2) Өз ишин ушул мектептин, ошондой эле жергиликтүү бийлик органдары жана башка уюмдар менен тыгыз кызматташтыкта жүргүзүүгө;

Мектептин иши жөнүндө калкка маалымат берүүгө көмөктөшөт;

3) Өз иш-аракеттери, кабыл алынган чечимдери жана алардын аткарылышы жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттары жана мектептин интернет булактары аркылуу маалымдоо;

4) көрсөтүлгөн билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугун талдоо жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

5) Өз иши жөнүндө ар жылдык отчетторду даярдайт жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу,же уюштуруучунун интернет булактары аркылуу маалыматты берүүсү.

6) мектеп үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча каржылоо булактарын тартууга;

7) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын суроо-талабы боюнча алардын иши жөнүндө отчетторду берүүгө.

## IV. КООМДУК БИРИКМЕНИ ТҮЗҮҮНҮН ЖАНА КУРАМДУУЛУГУНУН ТАРТИБИ

4.1. Коомдук бирикменин мүчөлөрү төмөнкүлөр боло алышат:

1) социалдык мекемелерде же коомдук иште тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын жөндөмдүү жарандары;

2) ишкер чөйрөлөрдүн, илим жана билим берүү уюмдарынын, маданий-социалдык мекемелердин, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, ата-энелер бирикмелеринин өкүлдөрү.

4.2. Коомдук бирикме 11 адамдан түзүлөт

4.3. Коомдук бирикменин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал бекитилген күндөн тартып 3 жылды түзөт. Бир эле адам коомдук бирикменин мүчөсү катары чексиз болууга укуктуу.

## V. КООМДУК БИРИКМЕНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**1.** Коомдук бирикменин мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) байкоочулар статусунда, мектепте өткөн отурумдарга жана жыйындарга;

2) Жергиликтүү кеңеш, райондук билим берүү башкармалыгы тарабынан түзүлгөн комиссиялардын, жумушчу топтордун ишине катышууга;

3) Коомдук бирикменин төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууну демилгелөөгө;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана мектептин Уставында каралган башка укуктарга.

**2. Коомдук бирикменин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1) Коомдук бирикменин жыйналыштарына катышууга;

2) Коомдук бирикменин мүчөсүнүн журум-турум этикасын сактоого;

3) Коомдук бирикменин чечимдерин аткарат;

4)Мыйзамдарда жана мектептин уставында белгиленген башка милдеттенмелерди аткарууга милдеттүү.

4) Коомдук бирикменин мүчөлөрү өз укуктарын жүзөгө ашырууда жана милдеттерин аткарууда мектептин билим берүү кызматын алган жарандардын кызыкчылыгында иш алып барышы керек.

5) Коомдук бирикменин мүчөлөрү алардын иш-аракетинен (аракетсиздигинен) келтирилген зыян үчүн мектептин алдында жооп беришет. Ошол эле учурда, зыянга алып келген чечимге каршы добуш берген же добуш берүүгө катышпаган мүчөлөрү жоопкерчилик тартпайт.

6) Коомдук бирикменин мүчөлөрү ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жооп беришет.

**VI. Коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын токтотуу**

1. Коомдук бирикменин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда токтотулат:

1) ал шайланган мөөнөт аяктаганда;

2) ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызды ал өзүнүн талабы боюнча бергенде;

3) анын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоого кетиши;

4) соттун ага карата айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

5) аны укуктук жактан жөндөмсүз, ошондой эле дайынсыз жоголду же өлдү деген кабарын табуу;

6) Коомдук бирикменин мүчөсүнүн журум-турум этикасын бузуу, мектептин же Коомдук бирикменин аброюна зыян келтиргенде;

7) медициналык корутундуга ылайык ден-соолугуна байланыштуу өзүнүн милдеттерин аткаруу мүмкүн эместиги;

8) Коомдук бирикменин жыйналыштарында жүйөлүү себептерсиз катары менен бештен ашык отурумдарга катышпаганда.

2. Коомдук бирикменин мүчөлөрүн мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим Коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчөө экисинин добушу менен кабыл алынат.

3. Коомдук бирикменин курамындагы бош орунду алмаштыруу "Камкорчулар кеңеши жөнүндө" Мыйзамдын 6-беренесинде белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

## VII. КООМДУК БИРИКМЕНИН ИШТЕРИН УЮШТУРУУ

1. Коомдук бирикме өз ишин көз карандысыздык, маалымдуулук, коллегиалдуулук, ак ниеттүүлүк жана мыйзамдуулук принциптеринде жүзөгө ашырат

2.Коомдук бирикменин төрагасы ачык добуш берүү менен коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бир жылдык мөөнөткө шайланат. Коомдук бирикменин төрагасы кызмат ордуна шайлоого талапкерлер коомдук бирикменин мүчөлөрү тарабынан же өзүн өзү көрсөтүү жолу менен көрсөтүлөт.

2. Коомдук бирикменин төрагасынын ыйгарым укуктары ал шайланган күндөн баштап жана жаңы төрага шайланган күндүн алдындагы күнү аяктайт.

3.Коомдук бирикменин жаңы төрагасын шайлоо учурдагы төраганын ыйгарым укуктарынын акыркы айында өткөрүлөт. Эгерде коомдук бирикме жаңы төрагасын шайлоо ушул статьяда белгиленген мөөнөттөрдө өткөрүлбөсө, анда коомдук бирикме учурдагы төрагасы өзүнүн ыйгарым укуктарын жаңы төрага шайланганга чейин улантып келет.

4.Төрага жок болгон учурда, төраганын милдеттери төраганын чечими боюнча коомдук бирикменин бирине, ал эми мындай буйрук берүү мүмкүн болбосо – коомдук бирикменин чечими менен анын жалпы курамынын көпчүлүк добушу менен чечилет.

**Коомдук бирикменин төрагасы:**

1) Коомдук бирикме ишин уюштурат, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен мамилелерде коомдук бирикменин атынан чыгат;

2) жыйналыштарды чакырат, Коомдук бирикменин жыйналыштарына кароого коюлган маселелерди аныктайт;

3) Коомдук бирикменин жыйналыштарына төрагалык кылат;

4) Коомдук бирикмеге берилген материалдарды текшерүүнү уюштурат;

5) Коомдук бирикменин ишинин натыйжаларын жалпылоону уюштурат жана анын ишин уюштурууну өркүндөтүүгө багытталган чараларды көрөт;

6) Мектептин директоруна, Араван райондук билим берүү бөлүмүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңешке жана ведомстволук кеңештин иши жөнүндө маалымдайт;

7) Коомдук бирикменин чечимдерине ылайык башка функцияларды аткарат.

3. Коомдук бирикменин төрагасы өзүнүн функционалдык милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда, анын ыйгарым укуктары Коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экисинин чечими менен мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

5.Коомдук бирикме өз мүчөлөрүнүн арасынан коомдук бирикме катчысын шайлайт. Коомдук бирикменин чечими менен катчынын ишин техникалык жактан камсыздоо үчүн келишимдик негиздеги адамдар тартылышы мүмкүн.

**Коомдук бирикменин катчысы:**

1) Коомдук бирикменин жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат;

2) Коомдук бирикменин мүчөлөрүнө жыйналыштын күнү, убактысы жана орду жөнүндө кабарлайт, Коомдук бирикменин жыйналышынын протоколун жүргүзөт;

3) Коомдук бирикмеде иш кагаздарын жүргүүзүүнү уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле анын чечимдеринин аткарылышын контролдойт;

4) Коомдук бирикменин жана анын төрагасынын көрсөтмөлөрүнө ылайык башка функцияларды аткарат.

## VIII. КООМДУК БИРИКМЕНИН ИШИН КАРЖЫЛЫК КОЛДОО

1. Коомдук бирикме өз ишин уюштуруу үчүн мыйзамдарга каршы келбеген булактардан финансылык жана башка материалдык ресурстарды тартууга укуктуу.

2. Коомдук бирикме тарабынан чогултулган каражаттарды топтоо үчүн, мектеп-гимназиясынын директору банкта мектептин сактык эсебин ачат.

3. Каражаттарды эсептен анда көрсөтүлгөн атайын максаттар үчүн коомдук бирикменин чечиминин негизинде гана алууга болот.

4. Коомдук бирикме өз ишин уюштуруу үчүн каражаттарды пайдаланууга укуктуу, бирок алынган сумманын 2 пайызынан ашпашы керек.

5. Жыл аягында коомдук бирикме өзиши жөнүндө отчетун жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялайт.

## XI КООМДУК БИРИКМЕНИН ОТУРУМДАРЫ

1. Коомдук бирикменин биринчи жыйналышын бирикменин эң улуу мүчөсү ачат. Коомдук бирикменин биринчи отурумунда бирикмеинин төрагасы жана катчысы ачык добуш берүү менен шайланат.

2. Коомдук бирикменин отурумунда бирикменин ар бир мүчөсү бирден добушка ээ. Коомдук бирикменин жыйыны, эгерде ага бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы санынын кеминде үчтөн экиси катышса, ыйгарым укуктуу. Коомдук бирикменин жыйналыштары кварталына бир жолудан кем эмес ачык өткөрүлөт. Коомдук бирикменин отурумдарынын жыштыгы бирикменин бир жылга иш планы менен аныкталат.

3. Коомдук бирикмесинин мүчөлөрү бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы санынын кеминде үчтөн биринин талабы боюнча бирикменин кезексиз жыйынын чакыруу жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу.

4. Коомдук бирикменин мүчөлөрү анын жыйындарына жеке өзү катышат. Эгерде бирикменин жыйынына катышуу мүмкүн болбосо, бирикменин мүчөсү күн тартибине киргизилген маселе боюнча өз пикирин жазуу жүзүндө жиберүүгө укуктуу. Бул пикир бирикменин отурумунда каралууга тийиш жана добуш беруу учурунда эске алынат.

5. Коомдук бирикменин чечими менен ага мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, илимий, кесиптик бирликтин жана

7. Коомдук бирикменин чечимдери бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана жыйналыштын төрагасы жана катчысы кол койгон протокол менен таризделет. Коомдук бирикменин мүчөсүнүн өзгөчө пикири жазуу жүзүндө таризделет жана бирикменин чечимине тиркелет.

8. Коомдук бирикменин чечими боюнча айрым маселелер электрондук почта аркылуу же бирикменин интернет булактарын пайдалануу менен добушка коюлушумүмкүн. Электрондук почта аркылуу же Коомдук бирикменин расмий сайтын колдонуу менен добуш берүү тартиби, ошондой эле ушундай жол менен кабыл алынган чечимдердин протоколу коомдук бирикменин уставы менен аныкталат.

9. Коомдук бирикменин мүчөсү бирикменин атынан документтерди, чечимдерди, сунуштамаларды же башка маалыматтарды жарыялоого, мамлекеттик органга же башка адамдарга берүүгөукуктуу эмес, эгерде алар бирикме тарабынан кабыл алынбаса же бекитилбесе же аны менен макулдашылса белгиленген тартипте.

10. Коомдук бирикменин иши жөнүндө маалымат бирикменин интернет булактарында жайгаштырылышы мүмкүн, веб-сайты жок болсо, ал жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланууга тийиш.